УДК: 821:801.81(575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-122-128

**Орозалиева Ж.М.**
филол. илим. канд.
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети
**Орозалиева Ж.М.**
канд. филол. наук
Кыргызский национальный университет имени Ж Баласагына
**Orozalieva Zh.M.**
Candidate of Philological Sciences
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn

# К. БАЙЖИГИТОВ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ СЫН ЧЕБЕРЧИЛИКТИН ҮЛГҮСҮ КАТАРЫ

# К. БАЙЖИГИТОВ КАК ОБРАЗЕЦ КРИТИЧЕСКОГО МАСТЕРСТВА В КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

# K. BAIZHIGITOV AS AN EXAMPLE OF CRITICAL MASTERY IN KYRGYZ LITERATURE

**Аннотация:** К. Байжигитов сынчы катары 80-жылдардагы кыргыз адабиятында бир топ адабий чыгармаларга баа берген. Ал обьективдүү, калыс жана талапчыл сынчы катары кыргыз адабиятынын өнүгүшүндөгү көркөм адабий чыгармалардын ордун белгилеп берүүдө зор милдеттерди аткарган. Мурда сынчылардын баалоосунда болгон чыгармаларга полемист сынчы катары кайра көз жүгүртүп, сынчынын сынчылык дараметин ачып көрсөтөт. Анын сынчы менен жазуучунун ортосунда болуп, алардын ар бирине адилеттүүлүк менен мамиле кылып, калыс пикирлерин билдирип келгендиги тууралуу бул макалада сөз болот.

**Негизги сөздөр:** сынчы, жазуучу, полемист, баа берүү, сын материалы, көркөм адабй чыгарма, турмуш чындыгы, эстетика ж.б.

**Аннотация:** К. Байжигитов в качестве критика оценил ряд литературных произведений в кыргызской литературе 80-х годов. Как объективный, непредвзятый и требовательный критик, он выполнил серьезную задачу по опредению места художественной литературы в кыргызской культуре. Как критик и полемист, К. Байжигитов, анализируя мнения критиков тех или иных произведений, расскрыл их критический потенциал. В статье анализируется его литературная критика и указывается на то, он, оказываясь между писателем и критиком, строго и справедливо оценивал каждого из них.

**Ключевые слова:** критик, писатель, полемист, оценка, критический материал, художественное произведение, реальность жизни, эстетика и т.

**Annotation:** K. Baizhigitov, as a critic, evaluated a number of literary works in the Kyrgyz literature of the 80s. As an objective, unbiased and demanding critic, he fulfilled a serious task of determining the place of fiction in Kyrgyz culture. As a critic and polemicist, K. Baizhigitov, analyzing the opinions of critics of certain works, revealed their critical potential. The article analyzes his literary criticism and indicates that he, finding himself between a writer and a critic, strictly and fairly evaluated each of them.

**Keywords:** critic, writer, polemicist, evaluation, critical material, artwork, reality of life, aesthetics etc.

Сынчы К. Асаналиевдин чыгармачылыгына баа берген сынчы М.Апышев өзүнүн эмгектеринин биринде мындай деп белгилеген жерлери бар: «К.Асаналиевдин чыгармачылыгына мүнөздү башкы нерсе эч качан бийликтин идеологиясын, же кайсыл бир коньюктуралык максаттардан улам убактылуу түзүлө калчу тар кызыкчылыктуу топтун курал дубинкасына айланбай, жеке өзүнө гана таандык көз карашты, өз көркөм дүйнө таанымын, өз чындыгын тээ чыгармачылыгынын башатынан тартып, азыркы ансыз кыргыз адабият таануу, адабий сын илимин такыр элестетүүгө мүмкүн болбой калган мезгилге чейин ырааттуу, туруктуу, маданияттуу түрдө жалпы адабий коомчулукка жарыялап, дал ошол өзү үчүн күнүмдүк табигый жашоо формасына айланган жол менен улуттук адабияттын өнүгүшүнө такай орчундуу салым кошуп келегендиги». [1:2008; 57] К.Асаналиевдей эле К.Байжигитов да адабиятчылыктын адабий сынчылыктын жүгүн аркалап келген. К.Байжигитов бул бийик миссияны дайыма таза, тутуп, так аткарып келгендигин анын жалпы чыгармачылыгына көз чаптырганда дароо эле байкалат. Ал ар кайсыл багытта учурдун актуалдуу адабий сынынан баштап, сын жанрынын жаралышындагы алгачкы салым кошкон инсандарды да изилдеп, ар кандай темаларда (фольклордон тартып, азыркы кыргыз поэзиясынын жана проза жанрларынын проблемаларына чейин) [2:2007, 3:1985, 4:1991, 5:2006, 6:2011, 8:2011? 9:1982] көп эле эмгектерди жараткан. Адабияттын сын жанры өтө түйшүктүү экендигине карабай талыкпай эмгектенип, ошол жанрда изденүүлөр менен эмгектенип келген. Баса белгилей кетчү нерсе, ошол биз сөз кылып жаткан сын жанры аны өстүрүүчүлөр, өнүктүрүүчүлөр сынчылар эмеспи, сынчы болуш үчүн көрөңгөң кең, билимиң жогору, баардык акын-жазуучулардын өнөрканасы менен тааныш болуу, көркөм-эстетикалык табитиң жогору болушу шарт. Чыгарманын оң жана терс жактарын баалап, терең анализ жүргүзүү үчүн катардагы окурмандай гана бир ирет окубай, кайра-кайра окуп, башка дагы көп кошумча адабияттарды карап чыгуу керек. Сын жанрындагы материалды анализдөөгө карата сынчынын өзү жазып кеткен талаптарын келтире кетүүбүз керек: “... сындын көркөм адабияттын бүтүндөй өнүгүшүндөгү, калыптанышындагы аткарган ролун, маанисин, анын уюштуруучулук, тарбиялоочулук жана көркөм нарктарды аныктоочулук сапаттарын эстен чыгарбоо жана ага басым коюу” керек экендигин айтып келип, “... сынчынын жана адабиятчынын сын тажрыйбасынын пайда болуш, жазылыш себептери, анын пафосу, автордук ой-пикирлердин, көз караштардын чагылыш жагдайлары, идеялык-эстетикалык жыйынтыктардын орун алышын жана алардын көркөм текстке катышын, байланышын эске тутуу зарыл деп эсептелинет” [8:2011; 258], – деп сынчынын негизги милдеттерин белгилеп берет. Бул сын материалын мектепте окуп-өздөштүрүүгө багытталган. Бирок ушул эле талаптарды жалпы эле сын материалын талдап-өздөштүрүүгө да пайдаланса боло турганын эске алып, асыресе анын сын макалаларын өзүнүн ушул сын материалдарга койгон талабы менен караганыбызда К.Байжигитов өз сын жанрындагы эмгектеринде баштан аяк бир жактуу сындабастан, терс да оң, жакшы да жаман жактарын берүүгө умтулгандыгын көрөбүз. «Сынчынын таланты – сейрек талант» деген сынчылардын таланты жөнүндө В.Г. Белинский өз оюн айтканы бар. К.Байжигитов мына ошондой сейрек талантка ээ сынчы болгон. Ал калемгердин оюн туура, так жана реалдуу ачып бере алган жөндөмгө ээ болчу. Ал адабий табити күчтүү, чынчыл адабиятчы катары өзгөчөлөнө алды. Мисалга алсак, адабий сын боюнча 1987-жылкы пленумга карата жарыяланган К. Байжигитовдун ары проблемалуу ары мазмундуу жазылган, окурмандар арасында резонанс туудура ала турган сын материалдары атайын сөз кылууга

арзыйт. Анда автор белгилүү сынчы-адабиятчылар С. Байгазиевдин «Күзгү ызгаарга аралаш ойлор», К. Ибраимовдун «Сын маданияты», А. Эркебаевдин Б. Сарногоевдин «Ашуудан берген отчетум» поэтикалык жыйнагына жазган сын макалаларына токтолуп алардын сынчыл тажрыйбаларына көз жүгүртөт.

«К.Ибраимовдун макаласында жалпы сөздүүлүк жана насаат айтуучулук анын жалпы пафосуна кедергисин тийгизбей койгон эмес. С. Байгазиев жаш сындын оош-кыйыштарын, андагы көрүнүштөрдү элестүү жана эмоциалдуу чагылдырганы, жаштардан принципиалдуулукту талап эткен менен өзү ошол критерийлерди, позицияны акыр аягына дейре туруктуу түрдө сактай албаптыр. Болбосо ал адабий сыныбыздын өркүндөшүнө, чын дили менен кызмат кылган авторлордун бир даарын ашепке көкөлөтүп, айрымдары туурасында унчукпай өтпөс эле» деп баа берет. А. Эркебаевдин сыны боюнча анын сынчыл пикирлерине өзүнүн калыс баамын билдирип келип: «А.Эркебаевдин 1985-жылы Кыргызстан жазуучулар союзундагы поэзия боюнча жыйнагына жасалган доклады жана анын «80-жылдардагы поэзиябыздын арымы» жана ушул эле жылы «Советтик Кыргызстан» газетасына жарыяланган ушул мазмундагы обзордук макалаларында да дал ушундай бир жактуу аракет демилгеленгенин айтат. Ошентип сынчынын бүтүмү боюнча Б. Сарногоевдин «Ашуудан берген отчетум» поэтикалык жыйнагы «кыргыз поэзиясынын беделине доо кетирген, окурмандардын табитин мокото турган, идеялык жагынан төмөн турган жыйнак» катарында мүнөздөлдү деп, бирок А. Эркебаевдин 1987-жылы өткөрүлгөн пленумдарында жасаган «Жаңыча ой жүгүртүү жана адабий сындын ар түрдүүлүгү» аттуу баяндамасында карата каршы «философиялык терең жалпылоолор, лирикалык назик толгонуулар, бүгүнкү күндүн ыргактарына бай» чыгармалардан экендигин атайы белгиледи», – дейт. Белгилүү болгондой К. Байжигитов калемгер менен сынчынын ортосундагы калыс кызматын аркалайт. Сынчынын ашепке кеткен жагдайларын, мүмкүнчүлүктөрүн, бир жактуу пикирин четке кагып, акынды коргоп чыгат. Ушул жагынан алып караганда К. Байжигитов сындын обьективдүүлүгү үчүн, такай талбай күрөшүп келгенин байкайбыз. Ушул өңдүү чыгармаларын карап отуруп анын сынчылык өнөргө, сынчылыктын табиятына карата үлгү боло турган сапат-касиетти дайым көрсөтүп келгенин көрүүгө болот.

К. Байжигитов ошол эле сынчыларга берген баасында терс жактары менен бирге эле жакшы жактарын да ачып берди. Суроо жаралат, К. Байжигитовдун так, таамай, ачык, көрөгөчтүк менен байкоосундагы А. Эркебаевдин бир эле обектиге карата карама-каршы келген пикирине анын сынчыл пикирлеринин кубулуп турушуна эмне себепкер экендиги бизди да кызыктырбай койбойт. Же автор буга чейинки жазган макалаларындагы карманган чен өлчөмдөрдү, ээлеген позициясын өзгөрткөнбү, балким мындай метаморфоза анын калемине таандык белгилердендир? Адабияттын искусстволук кереметин аныктоодо, нукура баалуулуктарды белгилдөөдө тээ атам замандан бери келе жаткан көркөм-эстетикалык критерийлер азыркы шартта, кийинки мезгилде дароо эле автоматтык түрдө өзгөрүп кеттиби? Жок, андай чен-өлчөмдөр кадимкидей жашап турат жана дагы эле өмүр сапарын улай беришмекчи. Кеп сынчынын көркөм фактыларга, нукура эстетикалык дөөлөттөргө болгон түшүнүгү, мамилеси өзгөргөндүгүндө. Мына ушундай жагдайларды да К.Байжигитов көрөгөчтүк менен көрө билип ага өз изилдөөлөрүндө орун берип, адабий сын жанрынын дагы бир кырдаалын ачып берди. Мындай полемикалуулук сын табиятына ылайык чындыкты реалдуулукту аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт.

Ошентип, К. Байжигитов сынчы катары ар бир кайрылган сын материалына анализ жүргүзүүдө ошол сындын көркөм адабияттын өнүгүшүндөгү, аткарган ролун, маанисин, анын тарбиялык жана көркөм нарктарды аныктоочулук сапаттарына басым коюп, сынчынын жана адабиятчынын сын тажрыйбасынын пайда болуш, жазылыш себептери, анын пафосу,

автордук ой-пикирлердин, көз караштардын чагылыш жагдайын, идеялык-эстетикалык жыйынтыктарын баалап-бычып берет.

Ушул жерден дагы бир заманыбыздын залкар инсаны деги эле адабиятка, маданиятка, сын жанрына салымы чоң С. Жигитовдун жазгандары эске келет. «Сынчылык кесипти бекем карманган киши андан кадыресе береке табышы мүмкүн. Ал үчүн сынга талапкер жаштар өз кесибинин тарыхына жана предметине байланыштуу нерселердин баарын билиши керек. Сынчы үчүн эң зарыл нерсе: жандуу эстетикалык туюм. Сынчы эң оболу кайрымдуу, ырайымдуу, жапакеч болушу керек. Ал эми кайрымдуулук болсо сынчынын жанын катырбай сактайт, сынчынын калемин союлга айландырбайт. А чынында сынчынын калеми союлга айлангандан эмне жаман нерсе бар? Жазуучунун эң жаманы да (эгер халтурщик болбосо) жакшы жазсам деп тырышат, кадыр-барк алсам деп көксөп жазат, окурмандар менен сынчыларга жаксам деп жан талашып иштейт. Жазыш кыйын процесс. Жакшы чыгарыш андан бетер кыйын. Демек, сынчы биринчи иретте ошо кыйын иш менен алпурушкан, жакшы жазам деп жаза албай жаткан жазуучуга жардам бериши керек, кордобой жана жанын кашайтпай жардам бериши керек. Полемист сынчынын дагы бир парзы (балким, бул негизги парыздыр?): адабиятта жаралган ар кандай жакшы нерселерди айныбай байкап, байкаар замат калайыкка жар салып турушу зарыл.» [10:1991; 179] К. Байжигитов мына ушул С. Жигитов айткан параметрлердин баарын сынчы, адабиятчы катары өз чыгармачылыгында камтыган. Ал жапакеч да, жардамчы да, кайрымдуу да. Баарынан мурун ал башкалар элес албаган нерсени жар салып, биринчи байкап айтып чыгат. Мунун баарын ал калыстык жана чынчылдык чегинде жүргүзөт. Ушундан улам аны чыныгы сынчы адабиятчы деп тайманбай эле айтууга болот. «Өсүп-өнүгүп калган адабий сынчыларыбыздын келечеги үчүн биздин кооптоно турган жөнүбүз жок. Шүгүрчүлүк, улуу муундагы сынчылар салган жол менен жаш сынчылардын тобу катуу дүбүрт чыгарып келе жатат. Арт жактан дүңгүрөгөн дүбүрт угулганда, алдыдагы күлүктөр ого бетер күүлөнүп, ээ-жаа бербей ала качат эмеспи. Анын сыңары биздин артыбыздан чыккан шаңдуу дүбүрт да бизди чыйратып, күүлөндүрүп, көп нерселерге милдеткер кылат. Бизди карап тургандар бар, бизди ээрчип келаткандар бар. Эми биз, жашамал тартып калган сынчылар, кылган ишибиз, принциптүүлүгүбүз менен артыбызда күргүштөп келаткан жаш сынчыларга өрнөк көрсөтүшүбүз керек. Балким, алардан үлгү алып калышыбыз да мүмкүн. Эмне болсо да артыбыздан дүбүрт улам катуу чыгып, эч качан үзүлбөсүн» - деп [10:1991; 179] өзүнүн чын дилден каалоо тилектерин айтып жаш сынчылардан көп үмүттөнгөн С.Жигитов. Мунун бир далили – ушул К.Байжигитовдун сынчылык жөндөмү.

К. Байжигитовдун алгачкы сын макалалары жогоруда белгилеп кеткендей жакшы жетишкендиктер менен коштолгон. Ал алгачкы сын макалаларындагы изилдөө проблемаларынын жалпылыктары жана жаш жазуучулардын чыгармаларындагы айрым окшоштуктар, алардын адабий билимдери боюнча башкалардан өзгөчөлөнүп турат. 1978-жылдардын аягы 1979-жылдардын башында К. Байжигитов «Учурдун талаптары жана жаш жазуучулардын прозалык чыгармалары» деген сын макаласында Ж. Мамбеталиевдин «Сезимдеги тактар» У. Кадыркулованын «Жашыл арча», Э. Кудайбергеновдун «Кек», «Жайчыбек мерген», «Токой жомогу», Ш. Келгенбаевдин «Арча», К. Сапарбаевдин «Биздин бала чак» ошондой эле Д. Шатманалиеванын «Төрөлгөн күн» аттуу повесттерине баа берип өзүнүн сын көз караштарын айтат.

Ж. Мамбеталиевдин «Сезимдеги тактар» аттуу повестинде кыйын кезеңдеги көпчүлүк жаштар кечиришкен мүшкүлдүү, максатына жетпей калган тагдыр, Аскат жана Чолпонайдын сезимине түбөлүккө сакталып калган согуштун тактары, мүдөөсүнүн өтөсүнө чыкпаган

тилектер баяндалат. Ырас, автор баяндоонун өзгөчөлүгүнө умтулуп, повестте көркөм шарттуулукту коё алган. Анткени, башкы каарман Аскаттын өмүрлүк жолу, тагдыры, анын эске түшүрүүсү, гүл менен сүйлөшкүсү келгени диалог катары берилет. Повестин баш каарманы Аскат өзүнүн басып өткөн өмүр жолун, жеке тагдырын, мүдөөсүнө чыкпай калган аруу, сезимин эске салат, элестетет. Аскат айылда туулуп, өзүнүн балалык күндөрүн, доорун ошол жерден өткөрдү. Балалыктын канчалаган белестерин ашып, биологиялык жана социалдык жактан өркүндөп, өзгөрүп, жаңырып бараткан жаш адам бара-бара өз курагынын табигый законуна эрксизден баш ийди. Ал эми сынчы К.Байжигитов бул тууралуу мындай пикирин билдирген: «Автор баяндоонун өзгөчөлүгүнө умтулуп, повестте көркөм шарттуулукту коё алган. Анткени, башкы каарман Аскаттын өмүрлүк жолу, тагдыры анын эске түшүрүүсү, гүл менен сүйлөшкүсү келгени диалог катары берилет. Ал эми мындай манера кыргыз адабиятында жаңылык деле эмес. Барыдан мурда көркөм шарттуулук менен тутумдашкан баяндоонун мына ушундай формасы Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинде ийгиликтүү жүзөгө ашырылгандыгын кимдер билбейт. Ж. Мамбеталиев болсо мына ушундай форманы тандап алуу менен бирге анын чыгармасында мындай каражат көркөм чыгармачылыкка, повесттин проблемалык, идеялык, тематикалык, жанрдык маанисинде канчалык таасир тийгизерлигин али жетиштүү түрдө сезбептир. Арийне, мен анын көркөм шарттуулук ыкмасына ыктагандыгын жерип жатканым жок. Тек гана чыгарманын жана ошондой эле конструкциялык архитектоникасы чыгарманын идеялык, көркөм-эстетикалык маани-маңызын толук бере албагандыгын белгилеп өткүм келет» Арийне, жанрдык формадагы жекечелик, кайталангыстык ошондой эле оргиналдуулук бул ириде жекече жана оргиналдуулук чыгармачылык ой жүгүртүүгө барып такалат менимче. Алгач жаш жазуучулардын жаш али толук быша элек чыгармачылыгында, далай оош-кыйыштар байкалат да бара-бара өнөрканасы толук жетилип анан шедеврди жарата башташат. К. Байжигитов сынчы катары жаш жазуучунун көркөм туунду жаратуудагы мүчүлүштүктөрүн ачып көрсөтүү менен адабий процесстин өнүгүшүнө ак дилден кам көргөн. Бул жаш жазуучунун кийинки чыгармачылыгында алешемдиктер азайышын алдын алууга болгон кадам экендигин бөлүп көрсөтүүгө тийишпиз. Дагы бир токтоло кетүүчү жаш жазуучубуз У. Кадыралиева болмокчу. Ал деле дал Ж. Мамбеталиевдин повестиндеги тагдырларды дал өзүндөй кылып жазат бирок айырмасы кыргыз кызы Чолпонайдын ордуна орус кызы Зинаида, Аскаттын ордуна Самаркул келип чыгармадагы сюжеттик окуя дал ушундай эскерүү жолу менен өнүгөт. Бирок биринчи повесттен өзгөчөлөнүп, бул чыгармада көркөм шарттуулук көрүнбөйт. Эки повестте коёндой окшош турмуштук окуя камтылат. Авторлордун берүүгө ниеттенген идеясы, көтөргөн проблемалары деле бирдей. Бул эки повестке сынчыбыздан момундай баалар бычылат. «Согуш мезгилиндеги кыргыз айылында мына бул чыгармаларда баяндаган турмуштук окуялар, жана андагы тагдырлардын бирдей болгондугу ырас. Канткен менен совет адамдарынын рухий тереңдиги патриотизм, каармандык, эмгекчилдик, кайратмандык менен камыр-жумур жуурулушуп, ал кыйын кезеңди жеңип чыкпадыбы. Демек, турмуштук чындыктын түрдүү кырдаалдары, адам психологиясы да бири-бирине тутумдашып, мезгилдин мүнөзү менен үндөшүп турган. Мында калет жок. Ал эми дал ошол турмуштук материалдарды көркөм-эстетикалык жактан жаңыча өздөштүрүү, анын буга чейин байкалбаган татаал сырларын билгичтик менен кармай билип, аны тийиштүү деңгээлде эстетикалык чындыгын түзүү, ал көркөм чындык башка тажрыйбалардын жансыз сөлөкөтүнө айланбай, тескерисинче, жаш муундардын ички дүйнөсүн асылдандырууга, сезимдеринин жетилип калыптанышына жарагыдай чыгарма талапка ылайык» [3:1985; 37].

Демек, Ж. Мамбеталиев менен У. Кадыркулова мына ошондой өрнөктүү салттарды, тажрыйбаларды жетик өздөштүрүүсү, үйрөнүүсү жана аларды ориентир тутуусу зарыл эле. Ошондой белгилердин, касиеттин жоктугунан улам бул повесттер буга дейре жаралган көркөм натыйжалардын начар көчүрмөсү катары кабыл алынат. Себеп дегенде, авторлор сүрөттөгөн турмуштук материалдар, адамдардын түркүн тагдырлары карандай баяндоодон ары узап кетпейт. К. Байжигитовдун боолгологонундай эле адамдын жан дүйнөсүндөгү татаал, купуя сырлар, процесс аналитикалык жактан ачылбайт. Чыгармалардагы образдар нукура искусстволук күчкө ээ болбойт, тескерисинче, өз алдынчалыгын жоготуп жиберет. Турмуш чындыгын эстетикалык өздөштүрүүдө алгиги стереотиптүү инерциядан узай албайт. Образдар аналитикалык жактан сүрөттөлбөйт. Алардын жан дүйнөсүнүн процесси автор тарабынан ачылбайт. Ошол себептен Чолпонай эмнелерди көрдү, укту, кимдер менен жолукту жана сүйлөштү, кандайча мамиле күттү, акыры турмуштан кантип ордун тапты, мына ушулар тизмектелип, саналып, окурманга информация гана берет. «Жашыл арча» повестинде деле Зинаида менен Самаркул ушундай деңгээлде сүрөттөлөт. Бул чыгармалар менимче көркөм-эстетикалык деңгээлинин чабалдыгы боюнча бири-бирин толуктап турат.

Б. Сексенбаевдин «Ак шоола» аттуу повестине да К. Байжигитов пикир билдирген. Повестте согуш мезгилиндеги колхоз турмушу, адамдар тагдырлары чагылдырылат. Тылдагы турмуштун оорчулугу, ал кыйынчылыкты бел чечпей, муюбай көтөрүшкөн совет адамдарынын асыл сапаттары, касиеттери, деми айкын байкалат. Ошондой болсо да Б. Сексенбаевдин «Ак шоола» аттуу повестинде айрым каармандардын жасалмалуулугу мурдатан ойлонулган схема боюнча түзүлгөндөй таасир калтыра тургандыгын эскерте кетүүбүз жөн. Басылбектин, Оморбайдын образдары кеңири ачылып чагылдырылып берилбейт. Алар тек гана Сайкал эненин идеалдуу образын түзүүгө салыштырмалуу түрдө атайылап кирген персонаждар. Чындыгында автор оң каарман түзүү аракети менен гана чектелип калгандай. Оң каарман тууралуу К. Байжигитов минтип жазган: «Ырас, көркөм адабиятта, ар бир каарманда автордук идеялардын белгилери образ менен тутумдашып, өзөктөшүп көрүнөт, бирок бул идеал риторикалык-көтөрүңкү формада эмес, нукура реалисттик образдарда «шекспирдик» катаал чындык менен, каармандыкты поэтизациялоонун биримдиги менен көрүнүшү зарыл. Азыркы учурдагы совет прозасында каармандын мүнөзүнүн калыптанышы социалдык-нравалык атмосфера, шарттар менен тутумдашып терең жана кенен, ар тараптуу көркөм анализдөө менен байланышып, ал бүгүнкү адабияттын өнүгүш этабында бекем жана негизги көркөм принциптеринен болуп калган» [11:1981; 162] Демек, көркөм адабияттын башкы предмети болгон адам коомдук тарыхый өнүгүш процессинде аны жаңырткан, өзгөрткүч субьект катары өзүн-өзү таанышы жана аны ички дүйнөсүндөгү жүрүп жаткан өнүгүү күн тартибинде болууга тийиш.

Д. Шатманалиеванын «Төрөлгөн күн» повестинде турмуштун далайлаган ой-кырын басып өткөн, практикалык тажрыйбасы кенен, түшүнүгү, элестөөсү бай бүгүнкү күндөгү биздин каарманыбыз, фабриканын шыпыруучусу кырк беш жаштагы Үкөтай, анын тагдыры, адамдык нарк-насили көркөм сүрөттөөгө алынат. Тагыраак айтканда, примитивдүү баяндалат. Каарман менен автордун ортосундагы эстетикалык дистанциянын сабактарынан улам образ окурманга таасирсиз, ары ишенимсиз, логикалык жактан да өзүн-өзү актабайт. Д. Шатманалиева сюжеттик окуяда өзү сүрөттөгөн ар бир дүйнө, турмуш көрүнүшкө, кубулушуна карай башкы каармандын мамилесин, түшүнүгүн билдирип, анын психологиясын ачып көрсөтөм деген ниетте анын ойлонууларын оркойто жамап кете берет. Чындыгында мына ушундай далалат өз ордунан чыкпайт. Себеби, каармандын ой дүйнөсү

жана психалогиясындагы жүрүп жаткан реакция, толкундануу, таануу жана санаркоолор конкретүүлүктөн ажырайт.

Каармандын психологиялык турмушун жасалгалоо, сылап-тарап жылмалоо, барып келип жаш калемгердин чыгармачылыкка канат бүтүрүчү, башкы касиеттердин: индивидуалдуу көркөм ойлонун али примитивдүүлүгүн, эстетикалык даярдык, камылгасы чабалдыгын, маданий деңгээлинин тайыздыгын айгинелейт. Анткени, бул жалган, логикалык негизги бир беткей стеротиптүүлүк автордун көркөм фантазиясын биротоло бийлеп алган. Ошол себептен автордун башкы каарманы фабрикага келгенден кийин андагы иштешкен жаш кыздар менен узак жана маанисиз кайым айтышуусу, аларга илгерки кыздардын дегеле жаштардын тагдырын айтып берүүсү, ал тууралуу кыздардын эч кандай түшүнүгү жок экендиги, эмгектик тартип, иштин техналогиясы жөнүндөгү талаш-тартыштар Үкөтайды атайылап эле идеялаштыруу негизинде алдын-ала ойлонулган. Булар чыгарманын идеялык, көркөм-эстетикалык күч-кубатына доо кетирип, аны жансыз, таасирсиз көлөкөгө айландырган. К. Байжигитов буга: «Төрөлгөн күн» повестинде каармандын мүнөзүнүн калыптаныш процессин көрсөтүү иретинде Үкөтайга өзүнүн баскан жолун элестеттирет. Деген менен мындай аракет деле оңунан чыкпаптыр. Баяндоонун узактыгы, бытовизмдин алкагында гана кармалышы, психалогиялык мотивировканын жетишсиздиги чыгармада ачык-айкын байкалат. Каармандын ишенимдери, көз караштары, мүнөзү, жан дүйнөсү атайы сызылган схема боюнча көрүнөт. Деги, Д. Шатманалиеванын повесть жанрынын табиятын, мүмкүнчүлүктөрүн али жетиштүү аңдай электигине анын дал ушул чыгармасы күбө. Турмуштук материалдарды өз билгендей жасап-жаскоо, «көркөмдөп баяндоо», адам тагдырын, анын бытьесин өзү каалагандай өзгөртүп, анын реалдуу көрүнүшүн атайылап тосмолоп, чүмбөттөө, бул али көркөм чыгарма, тагыраак айтканда, повесть эмес. А адабият жана искусстводогу жанрдык, стилдик, тематикалык жаңылануулар чындыгына келгенде сырткы гана формалуу өзгөрүштөр, жаңылыштар катары саналат. Ал эми көркөм-эстетикалык практиканын башкы өзгөрүшү, барыдан мурда жаңы каарман менен жаңычалатып айтуу жана көрүү сыяктуу кубулуштар менен тутумдашат», – деп реалдуу белгилейт. [8:2011; 25]

Демек, К. Байжигитов өз сындары аркылуу адабияттын жогорку деңгээлине жетишүүгө далалаттанган. Ал өзү обьект кылып алган сын материалына калыс баа берген. Анын көркөм адабияттын өнүгүшүндөгү, калыптанышындагы ролун, маанисин белгилеп, көркөм баалуулукту аныктоочулук касиетине тереңден баалап бере билген.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Апышев М. Мезгил бурулушу жана түбөлүк нарк. – Бишкек, 2008.
2. Байжигитов. К. Башталуу. – Бишкек, 2007.
3. Байжигитов К. Кайчылаш жолдор сын макалалар. – Фрунзе, 1985.
4. Байжигитов К. Кыргыз адабий сынчынын чеберчилик маселелери. – Фрунзе, 1991.
5. Байжигитов К. Кыргыз адабий сыны жана илими. – Бишкек, 2006.;
6. Байжигитов. К.Кыргыз адабий сынынын жаралуу жолдору. – Бишкек, 2011;
7. Байжигитов К.Кыргыз мифтери жана легендалары. – Фрунзе, 1985;
8. Байжигитов К. Мезгил жана адабий көркөм кыймыл. – Бишкек, 2011;
9. Байжигитов К.Турмуш жана мүнөз. – Фрунзе, 1982
10. Жигитов С. Кечээкинин сабактары бүгүнкүнүн талаптары. – Фрунзе, 1991.
11. Даутов К. Жаш сынчы – Фрунзе, 1981.


**Рецензент: филол. илим. док. Бакчиев Т.А.**